Ийри- Суу негизги мектеби

# Класстык саат

# Адам сатуу-азыркынын азабы.

Мугалим: Абдыраимова А.И.

## АДАМ САТУУ – АЗЫРКЫНЫН АЗАБЫ



***АДАМ САТУУ – КЫЛМЫШ!***

*Ооба, бул адамдын аброюна, абийирине, укугуна шек келтирген кылмыш болуп эсептелинет. Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө орун алган, көп миллиарддаган суммадагы акчаларды жүгүртүүчү, уюмдашкан кылмыштуу топтор жана алардын криминалдуу аракеттери. Изилдөөлөргө караганда адам сатуу бул бангизаттарды ана курал-жарактарды сатуудан кийинки эле экинчи орунда турган чоң оборотторду жүгүртүүчү кылмыштуулук. Бириккен Улуттар Уюмунун берген маалыматына ылайык, кылмыштуу топтор адам сатуудан жылына 30 миллиард киреше табышат.*

*Адамдын денесинин бөлүктөрүн, органдарын тартып алуу жана аны сатуу да ушул кылмыштуулуктун түрүнө кирет. Адам сатуунун курмандыктары болуп эркектер, аялдар жана балдар болушу мүмкүн. Көп учурда жаш келин, кыздар курмандыкка учурашат. Аларды айыл чарбада, үй тиричилик жумуштарына жана секс кызматын аткаруу үчүн жалдашат. Соодагерлер адамдарды айласы кеткен учурда, карызга малынганда, жумушунун жоктугунан, ишенчээктигинен, ошондой эле досчулук, тууганчылыктагы байланыштарын пайдаланышат.*

*Азыркы учурда адам сатуу соодагерлеринин жалдоо ыкмаларына күнүмдүк интернет сайттары кирет. Анда чет өлкөдөгү окуулар, жумуш, бизнес, бай, ийгиликтүү кишилер менен таанышуу сыяктуу ыкмаларды айтса болот.*

***Адам сатуу-бул азыры күндөгү глобалдуу масштабдагы кылмыш болуп эсептелинет. Ал белгилүү өлкөлөрдө арзан жумушчу күчүнө болгон керектөөдөн башталып, аягы сексуалдык эксплуатация, мажбурлап иштетүү, кулдук, күнкордук ана түрдүү курмандыктарга айлануу менен бүтөт. Дал ушул көрүнүшкө каршы демилгелүү ишкер аялдар (ДИА) коомдук фонду өлкөнүн түштүгүндө иш алып барып жатканы көпчүлүккө маалым. Ушул тапта ДИАнын демилгесин колдоп, Сузак районунда да бир нече иш-чараларды жүргүзүп жаткан Ырыс айыл аймагы бар. Адам сатуу багыты, анын алдын алуу жолдору жана жүргүзүлүп жаткан иштер боюнча жогоруда аталган аймактын башкы адиси Исмадияр Ибраимов менен кыскача маек курдук.***



**- Исмадияр Ибраимович, саламатсызбы? Алгачкы сөздү адам сатуу деген биздин өлкөгө кайдан, качан келип калганынан баштасак?**

- Жакшы болот. Адам сатуу деген түшүнүк биздин мамлекет өз алдынча болгон жылдардан тарта келип калды. Баарына маалым болгондой ал жылдардан соң өлкөдө кыйынчылыктар боло баштап, жарандар эптеп акча табуунун аракетин көрүп калышпадыбы. Мына ушундай аракеттердин натыйжасы менен көп нерсеге маани бербеген, түшүнүгү аз жарандар адам сатуунун курмандыгына айланып калышты. Бул нерсе алгач Казакстанга сатуудан башталып, убакыттын өтүшү менен башка мамлекеттерге да уланып кетип жатат.

**-Мындай кырдаалга негизинен кандай инсандар кабылышат?**

-Чынын айтканда буга тышкы миграцияны түшүнбөгөн, көп нерсе менен иш болбогон, билими жок жарандар көп кабылышат. Эч бир нерседен кабары жок туруп эле, бейкапар чет мамлекетке чыгууга камданган адамдар дал ушул өкүнучтүү окуянын курмандыгы болуп калышууда.

**-Мындан арылуунун жолу жокпу?**

-Бар. Эмнеге болбосун? Жарандарыбызды адам сатуу курмандыгына чалдыгып калбастыгы үчүн аларга тиешелүү таризде түшүндүрүү иштери жүрүүсү керек. Ар бир жаранга тышкы миграция боюнча маалымат берип, жашоочулардын аң-сезимин өстүрүүгө аракет жасоо абзел. Ошондо гана Кыргызстанда адам сатууга каршы иштер жүрүп, өз максатына жетти деп айтууга болот.

**-Тилекке каршы андай эмес да?**

-Ооба. Тилекке каршы андай эместиги чындык. Ошондуктан муну миграция, тышкы, ички иштер кызматтары өздөрүнө башкы милдет

катары кабылдашса жакшы болмок. Элдерге түшүндүрүү иштерин кеңири жүргүзсө бул кооптуу көрүнүштөн алда канча арылат элек.

**-Сиздер эмне жумуш аткаруудасыздар?**

-Биз негизинен калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келүүдөбүз. Ошол эле учурда жаштар менен биргеликте флешмобдорду өткөрдүк. Бир жыйындын өзүндө эле 200-300гө чукул адамдар келүүдө. Алардын ичинен жок дегенде бир жаранды сатылып кетүүдөн сактап калсак ошол биздин жемишибиз. Аны менен кошо мектептерде атайын окуу семинарларын, адам сатуунун алдын алуу боюнча бир нече иштерди жасап келүүдөбүз.

**- Сөзүңүзгө аралжы, жыйындардагы сөздөр стол четинде эле калып кетпейби?**

- Биз мүмкүн болушунча элге жеткиликтүү кылып түшүндүрүүгө, сырткы миграцияны түшүнбөй туруп башка мамлекетке баруу чоң коркунуч жарата арын жакшылап түшүндүрүп, бир нече мисалдарды көрсөтүп келүүдөбүз. Андан калса бул нерсе эң көйгөйлүү маселе болуп тургандыктан ага жарандар кайдыгер эмеси ошондуктан мындагы пикирлер жыйындагы столдун четинде калып кетет деген пикирден алысмын.

**- Айыл өкмөттө адам сатууга каршы аракеттер өз деңгээлинде жүргүзүлөбү?**

- Тилекке каршы жок. Негизи бул багытта иш алып баруу боюнча маселелер планга киргизилет. Бирок, бул глобалдуу маселе болгондуктан өз деңгээлинде иш алып барууга алсыздык кылабыз. Мен жогоруда белгилеп өткөндөй эле муну мамлекеттик деңгээлде көтөрүп, ошол деңгээлде иш алып баруу керектиги бүгүндүн талабы. Ага айыл өкмөт алсыздык кылат.

**-Маегиңиз үчүн ыраазычылык билдирем.**






KABAR.KG



